Masoneilan
a Baker Hughes business

# 35002 серия Camflex™ II

## Бурулма жөнгө салуучу клапан

Эксплуатация боюнча колдонмо (G ред.)




Baker Hughes маалыматынын купуялыгынын категориясы: Жалпыга жеткиликтүү

**УШУЛ НУСКАМА ЗАКАЗЧЫДА/ОПЕРАТОРДО ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨНҮН СТАНДАРТТЫК ПРОЦЕДУРАЛАРЫНА КОШУМЧА БОЛУП, ЗАКАЗЧЫ/ОПЕРАТОР ҮЧҮН ДОЛБООР БОЮНЧА МААНИЛҮҮ МААЛЫМАТТЫ КАМТЫЙТ. ЭКСПЛУАТАЦИЯЛОО ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨ ПРИНЦИПТЕРИ АЙЫРМАЛАНГАНДЫГЫНА БАЙЛАНЫШТУУ BAKER HUGHES (ЖАНА АНЫН ТУУНДУ КОМПАНИЯЛАРЫ ЖАНА ФИЛИАЛДАРЫ) КОНКРЕТТИК ПРОЦЕДУРАЛАРДЫ ТАК САКТООНУ ТАЛАП КЫЛБАЙТ, ЖАЛГЫЗ ГАНА ЖЕТКИРИП БЕРИЛҮҮЧҮ ЖАБДУУНУН ТҮРҮНӨ ЖАРАША НЕГИЗГИ ЧЕКТӨӨЛӨРДҮ ЖАНА ТАЛАПТАРДЫ БЕЛГИЛЕЙТ.**

**УШУЛ НУСКАМАДА ОПЕРАТОРЛОР ПОТЕНЦИАЛДЫК КООПТУУ ЧӨЙРӨЛӨРДӨ МЕХАНИКАЛЫК ЖЕ ЭЛЕКТРИКАЛЫК ЖАБДУУЛАРДЫ КООПСУЗ КОЛДОНУУГА ТАЛАПТАР ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ ТҮШҮНҮГҮ БАР ДЕП БОЖОМОЛДОНОТ. ОШОНДУКТАН БУЛ НУСКАМАНЫ АЯНТЧАДА КОЛДОНУЛУУЧУ КООПСУЗДУКТУН ЭРЕЖЕЛЕРИ ЖАНА НОРМАЛАРЫ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ АЯНТЧАДАГЫ БАШКА ЖАБДУУНУН ЭКСПЛУАТАЦИЯСЫНА ӨЗГӨЧӨ ТАЛАПТАР МЕНЕН БИРГЕ ТҮШҮНҮҮ ЖАНА КОЛДОНУУ КЕРЕК.**

**БУЛ ИНСТРУКЦИЯДА ЖАБДУУ ЖАНА АНЫН МОДИФИКАЦИЯЛАРЫ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ОРНОТУУ, КОЛДОНУУ ЖЕ ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨГӨ БАЙЛАНЫШТУУ МҮМКҮН БОЛУУЧУ АВАРИЯЛЫК КЫРДААЛДАР ЖӨНҮНДӨ ТОЛУК МААЛЫМАТ ЖОК. ЭГЕРДЕ КОШУМЧА МААЛЫМАТ КЕРЕК БОЛСО ЖЕ ЗАКАЗЧЫ/ОПЕРАТОРДУН МАКСАТТАРЫН ЭСКЕ АЛГАНДА БУЛ КОЛДОНМОДО ЖЕТИШТҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕ БЕЛГИЛЕНБЕГЕН КОНКРЕТТИК ПРОБЛЕМАЛАР КЕЛИП ЧЫКСА, АНДА BAKER HUGHES КОМПАНИЯСЫНА КАЙРЫЛУУ ЗАРЫЛ.**

**BAKER HUGHES КОМПАНИЯСЫНЫН ЖАНА ЗАКАЗЧЫНЫН/ОПЕРАТОРДУН УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕНМЕЛЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИГИ ЖАБДУУНУ ЖЕТКИРИП БЕРҮҮ КОНТРАКТЫНДА АЙКЫН КӨРСӨТҮЛГӨН ЖОБОЛОРУ МЕНЕН ТАК ЧЕКТЕЛГЕН. УШУЛ НУСКАМАНЫ БАСЫП ЧЫГАРУУ BAKER HUGHES ТАРАБЫНАН ЖАБДУУГА ЖЕ АНЫ КОЛДОНУУГА КАРАТА ЭЧ КАНДАЙ КОШУМЧА ИШЕНДИРҮҮЛӨРДҮ ЖЕ ГАРАНТИЯЛАРДЫ БЕРБЕЙТ ЖЕ БОЖОМОЛДОБОЙТ.**

**БУЛ ДОКУМЕНТ ЗАКАЗЧЫГА/ ОПЕРАТОРГО БЕЛГИЛЕНГЕН ЖАБДУУНУ ОРНОТУУ, СЫНОО, КОЛДОНУУ ЖАНА (ЖЕ) ТЕХНИКАЛЫК ТЕЙЛӨӨДӨ ЖАРДАМ БЕРҮҮГӨ ГАНА БЕРИЛЕТ. BAKER HUGHES КОМПАНИЯСЫНЫН ЖАЗМА УРУКСАТЫ БОЛБОСО, УШУЛ ДОКУМЕНТТИ ТОЛУК ЖЕ ТОЛУК ЭМЕС КӨЧҮРҮҮГӨ ТЫЮУ САЛЫНАТ.**


Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

# Мазмуну

**Коопсуздук техникасы боюнча маалымат** .......... **1**

**1. Киришүү** .......... **2**

**2. Жалпы маалымат** .......... **2**

**3. Иштөө принциби** .......... **2**

**4. Таңгакты ачуу** .......... **3**

**5. Монтаждоо** .......... **3**

**6. Аба түтүгү** .......... **4**

**7. Эксплуатацияга берүү (ишке киргизүү)** .......... **4**

**8. Ажыратуу** .......... **4**

8.1 Кыймылдаткычты (приводду) корпустун кошумча жыйындысынан чыгаруу (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз) ... 4

8.2 Приводду толук ажыратуу .......... 5

8.3 Клапан корпусу (4 жана 16-сүрөттөрдү караңыз) .......... 5

**9. Техникалык тейлөө** .......... **7**

9.1 Мембрананы алмаштыруу (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз) .......... 7

9.2 Корпустун ички түзүлүштөрү .......... 9

9/3 Каамыт бириктирүү (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз) .......... 10

**10. Кайра бириктирүү (монтаждоо) процедуралары** .......... **10**

10.1 Мембраналуу пружиналуу привод .......... 10

10.2 Корпустун ички түйүнүндөгү мембраналуу пружиналуу привод (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз) .......... 10

10.3 Маховикти кайра бириктирүү .......... 11

10.4 Чектөөчүнү кайра бириктирүү .......... 11

10.5 Клапан корпусун кайра бириктирүү (16-сүрөттү караңыз) .......... 11

10.6 Терс клапандын шакегин тегиздөө .......... 12

10.7 DVD пластинасын кайта кураштыруу .......... 13

**11. Приводдун штогун жөнгө салуу (16-17 сүрөттөрдү кара)** .......... **13**

**12. Корпустун абалын өзгөртүү** .......... **14**

**13. Приводдун иш-аракетин өзгөртүү** .......... **15**

**14. Кол приводунун опциясы** .......... **16**

14.1 Ажыратуу процедурасы .......... 16

14.2 Техникалык тейлөө .......... 16

14.3 Кайра бириктирүү процедурасы .......... 16

А тиркемеси: Бажы биримдиги тууралуу маалымат .......... 24

Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

# Коопсуздук техникасы боюнча маалымат

**Маанилүү! Орнотуунун алдында окугула**

Бул нускамаларда керектүү жерлерде **КОРКУНУЧ**, **“ЭСКЕРТМЕ”** жана **КӨҢҮЛ БУРГУЛА** деген белгилер бар,

алар коопсуздук техникасынын чаралар жөнүндө эскертет же башка маанилүү маалыматты белгилейт. Жөнгө салуучу клапанды орнотуудан жана тейлөөдөн мурда нускаманы кунт коюп окуңуз. **«КОРКУНУЧ»** жана **«ЭСКЕРТМЕ»** белгилери менен белгиленген кооптуу факторлор персоналдын травма алуу коркунучу менен байланыштуу. **КӨҢҮЛ БУРГУЛА** белгиси менен белгиленген кооптуу факторлор жабдуунун же мүлктүн бузулуу мүмкүндүгү менен байланыштуу. **Белгилүү иш шарттарында** бузулган **жабдууну** колдонуу **технологиялык системанын өндүрүмдүүлүгүн начарлатышы мүмкүн, бул персоналдын травма алуусуна же өлүмүнө алып келиши мүмкүн.** Иштегенде коопсуздукту камсыз кылуу үчүн «**КОРКУНУЧ**», «**ЭСКЕРТМЕ**» жана «**КӨҢҮЛ БУРГУЛА».** бардык эскертүүчү белгилеринин талаптарын толук аткаруу керек.

Бул коркунуч жөнүндө эскертүүчү белги. Ал травма алуу потенциалдык коркунучу жөнүндө эскертет. Мүмкүн болуучу травмаларды же өлүмдү болтурбоо үчүн бул символдон кийин келүүчү коопсуздук техникасы боюнча бардык көрсөтмөлөрдү колдонгула.

**DANGER**

Потенциалдык кооптуу кырдаалды белгилейт, болтурса, ал өлүмгө же олуттуу травмаларга алып келиши мүмкүн.

**AVERTISSEMENT**

Потенциалдык кооптуу кырдаалды белгилейт, болтурса, ал олуттуу травмага алып келиши мүмкүн.

**MISE EN GARDE**

Потенциалдык кооптуу кырдаалды белгилейт, болтурса, ал жеңил же орточо травмаларга алып келиши мүмкүн.

**MISE EN GARDE**

Коркунуч жөнүндө эскертүүчү белги жок болгондо, мүлккө зыян келтирүүчү потенциалдуу кооптуу кырдаалды белгилейт.

***Эскертүү. Маанилүү фактгарды жана шарттарды белгилейт.***

## Бул колдонмо жөнүндө

- Бул колдонмодогу маалымат алдын ала билдирбестен өзгөрүлүшү мүмкүн.
- Бул колдонмодогу маалыматты Baker Hughes компаниясынын жазма уруксаты болбосо, толук же толук эмес кайта өндүрүүгө же көчүрүүгө болбойт.
- Бул колдонмодогу маалымат боюнча кайсы болбосун каталар же суроолор жөнүндө өзүнүн жергиликтүү жеткирип берүүчүгө билдириңиз.
- Бул нускамалар 35002 Camflex II сериянын клапандары үчүн атайын түзүлгөн жана буюмдардын бул линейкасына кирбеген башка клапандарга тиешеси жок.

## Иштөө мөөнөтү

35002 сериядагы Camflex II клапандарынын божомолдогон иштөө мөөнөтү 25 жылдан көп. Буюмдун иштөө мөөнөтүн максималдуу узартуу үчүн жыл сайын текшерүү, план боюнча техтейлөө жана туура орнотууну камсыз кылуу абдан маанилүү, анда буюмга кандайдыр бир өз убагында эсепке алынбаган нагрузка жок болот. Эксплуатациялоонун конкреттүү шарттары да буюмдун иштөө мөөнөтүнө таасир этет. Колдонуунун конкреттүү чөйрөсү боюнча суроолор пайда болгондо, өндүрүүчү завод менен кенешиңиз.

## Кепилдик

Бул буюмдар Baker Hughes компаниясы сунуштаган колдонуу ыкмаларына ылайык колдонулса, Baker Hughes компаниясы сатуучу буюмдарда жүктөп жөнөтүүдөн тартып бир жылдын ичинде материалдардын жана жасоо дефекттери болбогондугуна гарантия берилет. Baker Hughes компаниясы алдын ала билдирбестен кайсы болбосун буюмдун өндүрүүсүн токтотууга же буюмдун материалдарын, конструкциясын же техникалык мүнөздөмөлөрүн өзгөртүүгө өзүнүн укугун өзүнө калтырат

***Эскертүү. Монтаждоонун алдында:***

- Клапан тиешелүү окутуудан өткөн квалификациялуу жана компетенттүү адистер тарабынан орнотулуп, эксплуатацияга киргизилип, тейлениши керек.
- Бардык кошулуп турган өткөрмө түтүктөр системага кирген бөлөк материалдардын баарын жоготуу үчүн аябай жууп тазаланышы керек.
- Эксплуатациялоонун белгилүү шарттарында бузулган жабдууну колдонуу системанын өндүрүмдүүлүгүнүн начарлануусуна алып келип, травмаларга же өлүмгө алып келиши мүмкүн.
- Техникалык мүнөздөмөлөрдө, конструкцияда жана колдонулуучу компоненттерде өзгөрүүлөр, эгерде бул өзгөрүүлөр буюмдун функцияларына жана мүнөздөмөлөрүнө таасир этпесе, ушул колдонмону кайта кароого алып келбейт.

Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

# 1. Киришүү

Төмөнкү нускамалар Camflex II клапанын техникалык тейлөө боюнча иштердин көбүн аткаруусунда техникалык персоналга жардам берүү үчүн иштеп чыгарылган, алар кылдаттык менен колдонулса техникалык тейлөөнүн убакытын кыскартат.

Baker Hughes жогорку квалификациядагы тейлөө инженерлери клапандарды жана алардын компоненттерин аракетке келтирүүдө, техникалык тейлөөдө жана оңдоодо жардам берүүгө дайыма даяр. Мындан тышкары, тейлөө кызматкерлери үчүн башкаруу клапандарын жана жабдууларды (КӨП) эксплуатациялоо, тейлөө жана колдонуу боюнча үзгүлтүксүз пландаштырылган окуу программалары бар. Бул кызматтарды Baker Hughes компаниясынын өкүлчүлүгү же аймактык кеңсеси аркылуу буюртма кылса болот. Техникалык тейлөө жүргүзгөндө Masoneilan кам тетиктерин гана колдонгула. Кам тетиктерди жергиликтүү өкүлчүлүктө же аймактык бөлүмдө алууга болот. Кам тетиктерин заказ кылганда, дайыма оңдоолуучу жабдуунун моделин жана сериялык номерин белгилегиле.

# 2. Жалпы маалымат

Бул орнотуу (монтаждоо) жана техникалык тейлөө нускамалары бардык басым көрсөткүчтөрүндөгү 1”ден 12”ге чейинки (Ду 25тен 300гө чейинки өлчөмдөгү) жана пневматикалык приводу бар клапандарга тиешелүү. Клапандын моделинин номери, өлчөмү жана номиналы этикеткада көрсөтүлгөн. Клапан моделин аныктоо үчүн 1-сүрөттү караңыз.

# 3. Иштөө принциби

Camflex II клапан концепциясы эркин корпуста жайгашкан өзгөчө айланып туруучу тегерек тыгынчыктан (пробкадан) турат. Тыгынчыктын таяныч бети ийкемдүү рычагдар аркылуу ступицага туташтырылган, ал айлануучу вал боюнча жылат. Тыгынчык (пробка) валдын огунда өзү эркин айланат. Тыгынчык менен анын шакекчеси (седло) тыгынчыктын учундагы серпилгич деформация менен бекемделет. Капталган тетири клапандын шакекчеси клапандын корпусуна миздүү кулпу менен бекитилет.

Тыгынчык жана вал пружиналуу кабатталган мембрана менен приводго туташтырылган рычаг аркылуу 50° бурулат.

Бүтүн дисктин маховиги жана бекитүүчү алты бурчтуу гайка (керектүү учурда гана колдонулат) дисктин карама-каршысындагы каамытка орнотулган жана алар клапанды кол менен башкаруу же токтотуучу катары колдонулушу мүмкүн. Каамыттын карама-каршы тарабындагы миздүү, шиш тешик тосулат, бирок ал кошумча буроо (гайка) менен жабдылышы мүмкүн жана аны башка багытта токтотуу үчүн пайдаланууга болот же керектүү абалда клапанды бекитүү үчүн маховик менен айкалыштырууга болот.

**35002 сериясынын номерлөө системасы**




**1-сүрөт**


Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.




**2-сүрөт**

***Эскертүү. Camflex II клапанындагы маховик өзгөчө кырдаалдарда гана колдонулат.***

Адатта, привод капкактагы динамикалык айланып туруучу моментке каршы туруу үчүн аба оордугу менен орнотулат. 2-сүрөттө агымдын багыты тыгынчыкты ачууга умтулат, ал эми привод аба басымынын жогорулашы менен аны жабууга багытталган. Привод пружинанын аракети аба кирбей калган учурда клапанды ачуу үчүн капкакты таасир этүүчү күчтөрдүн балансын өзгөртүүгө жардам берет. Эгерде клапан аба кирбей калганда жабыла турган болсо, анда агым тыгынчыкты жабууга ыкташы үчүн, корпусту тескери линияга алмаштыруу керек болот жана приводдун ордун тескери жакка буруу зарыл.

Camflex II клапаны өзгөртүлгөн бир сызыктуу агым өзгөчөлүгүнө ээ, ал агымдын бардык багыты үчүн бирдей. Клапанды 4700 сериясы, 8000 сериясы позиционери же SVI Smart Valve Interface клапан интерфейси менен жабдуу аркылуу аны оңой эле теңдесе болот. Затвордун 0,4 жана 0,6 кыскартылган коэффициенти бардык клапан өлчөмдөрү үчүн жеткиликтүү. 0,4 коэффициенти үчүн кубаттуулук клапандын номиналдык кубаттуулугунун 40% түзөт жана 0,6 коэффициенти үчүн ал 60% га барабар. 0,1 жана 0,2 коэффициенттери 1" клапан үчүн жеткиликтүү (Ду 25).

Camflex II клапанынын процесстин температураларынын кеңири диапазонуна туруштук берүү жөндөмү узун, бир бөлүктөн жасалган клапан капотунун колдонулушу менен шартталган. Бул май тыгынчыктын температурасын нормалдаштыруу үчүн жетиштүү нурдануну камсыз кылат. Ошентип, өзүн-өзү майлоочу ТФЭ арамиддик була таңгагын колдонууда, клапан -196°Сден +400°Сге чейин (-321°Fтен +752°Fге) чейинки температурага туруштук берет. Клапанды изоляциялоодо клапан капкагын изоляциялабаңыз (3-сүрөттү караңыз).



**3-сүрөт**

# 4. Таңгакты ачуу

Аксессуарларга жана тетиктерге зыян келтирбөө үчүн клапанды таңгактан чыгарууда этият болуу керек. Эгерде сизде кандайдыр бир көйгөй болсо, өкүлгө же аймактык бөлүмгө кайрылыңыз.

***Эскертүү. Пружина менен капталган мембраналуу приводдуу клапандарды ташууда ыңгайлуу болушу үчүн жана алардын бүлүнбөшүнө жол бербөө үчүн маховикти чыгарып алуу менен жеткирилет. Маховикти бириктирүү процедуралары үчүн 10.3 бөлүмүн караңыз.***

# 5. Монтаждоо

Camflex II клапаны агымдын багыты жана приводдун иштеши боюнча атайын нускамаларга ылайык заводдо бириктирилген. Клапан капкактын үстүндөгү (25) сызык менен көрсөтүлгөн багытта суюктук агып өтүшү үчүн орнотулушу керек. Клапан приводу валдын борбордук сызыгынан жогору тургандай орнотулушу керек. Клапанды линияга орнотуу үчүн, төмөнкү кадамдарды аткарыңыз:

**MISE EN GARDE**

**Агымдын багытын же приводдун иштөөсүн өзгөртүү ушул нускаманын 7 жана 10 бөлүмдөрүнө ылайык жүргүзүлүшү керек. Бул эрежелерди сактабоо кызматкерлердин жаракат алышына жана жабдуулардын иштебей калышына себеп болушу мүмкүн.**

**A.** Клапандын иштөө режимин аныктоо үчүн 1-сүрөттө сүрөттөлгөн номерлөө системасына ылайык, этикеткадагы (56) моделдин номерин текшериңиз.

**B.** Трубаларды жана клапанды ширетменин чачырандасынынан, майлардан, кир, дат баскан, чириген заттар сыяктуу бардык керексиз заттардан тазалаңыз. Тыгыздоочу төшөлгүчтөрдүн беттери бириктирүүлөрдүн жылчыксыздыгын камсыз кылуу үчүн аябай тазаланышы керек.

**C.** Линияда орнотулган клапанды текшерүү, техникалык тейлөө же тейлөөнү үзгүлтүксүздүккө учуратпай клапанды алып салуу үчүн Camflex II клапанынын эки тарабына кол менен өчүрүүчү клапанды орнотуңуз.

Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

***Эскертүү. Эгерде фланецтүү Camflex II орнотулса жана фланецтер аралыгы ANSI же DIN боюнча аныкталса, линиянын фланеци менен клапан корпусунун фланецинин ортосуна түтүк бөлүктөрү киргизилет. Андан кийин фланец жана линия байланышын болттоонун стандарттуу критерийлерин сактоо менен прокладкалар жана клапан болт бириктиргүүчүлөрү орнотулат жана бекемделет.***

**D.** Фланецсиз клапандар болгон учурда 23-сүрөттү караңыз жана клапан менен фланецтин рейтингине ылайык колдонула турган болттордун туура өлчөмүн жана санын аныктаңыз.

**E.** Эгерде клапан горизонталдуу абалда орнотула турган болсо, калган болтторду орнотууда клапанды колдой турган колдоону камсыз кылуу үчүн төмөнкү фланец болтторун орнотуңуз.

**F.** Линияга клапан орнотуңуз.

**G.** Туура прокладкаларды тандап, орнотуңуз.

***Эскертүү. Эксплуатация шарттарына ылайыктуу спиралдык (ийри-буйру) прокладкалар сунушталат.***

**H.** Калган фланец болтторун салыңыз, болттор клапанды бир сызыкта кармап турушун, корпуста атайын чыгып турган тиштерге дал келишин жана клапандын линияда топтолуп турушун жана анын айланбашын текшериңиз.

***Эскертүү. Кээ бир стандарттардын фланецтеринде клапан корпусунун капкагынын жана моюнунун болгондугуна байланыштуу болт менен бириктирүү мүмкүн эмес. Клапандын корпусунда фланец болтторун орнотуу үчүн фланец болттору туура келе турган үчүн бурчтуу тешикте же уячалар бар (22-сүрөттү караңыз).***

**I.** Фланец болтторун бирдей жана бекем тартыңыз.

**USE EN GARDE**

**Клапанды изоляциялоо керек болсо, клапан капкагын изоляциялабаңыз.**

**Эскертүү. Эгерде клапан маховик менен жабдылган болсо, аны азыр ишке киргизүүгө болот.**

# 6. Аба түтүгү

Аба кыймылдаткычка мембрана корпусундагы 1/4" NPT шиш түтүгү аркылуу берилет. Басымдын туура берилип жатканын жана түтүктүн өлчөмүн аныктоо үчүн 14-сүрөттү караңыз, андан кийин аба берүүчү түтүктү туташтырыңыз.

**ISE EN GARDE**

**Белгиленген эң жогорку аба басымынан ашпаңыз. Бул кызматкерлердин жаракат алуусуна жана жабдуулардын иштебей калышына себеп болушу мүмкүн.**

***Эскертүү. Эгерде клапан жөнгө салгычтар (регуляторлор) же Baker Hughes тарабынан камсыз кылынган башка аксессуарлар менен жабдылган болсо, ал аксессуарларга туташтыруу гана калат, анткени түтүктөр кыймылдаткычка заводдо туташтырылган. Электр буюмдары менен жабдылган кээ бир клапандар тиешелүү зымдарды талап кылат. Зымдарды туура туташтыруу үчүн заводдун нускамаларын караңыз.***

# 7. Эксплуатацияга берүү (ишке киргизүү)

Клапан линияга туура орнотулгандан соң жана бардык пневматикалык жана электрдик системалар туташтырылгандан кийин клапандын туура иштеши үчүн бир жолу айлантуу сунушталат. Төмөнкү кыймыл-аракетти аткарыңыз:

**A.** Маховикти (53) клапандын иштешине тоскоол болбошу үчүн бурап алыңыз жана маховиктин кулпусун (52) ачыңыз.

***Эскертүү. Эгерде клапан кошумча кыймылды бөгөттөөчү (77) менен жабдылган болсо, клапанга тоскоол болбош үчүн аны да ажыратып салуу керек.***

**B.** Приводго керектүү аба басымын бериңиз

***Эскертүү. Клапан үзгүлтүксүз жана эң жогорку басымда иштеши керек, клапандын индикатору (6) клапандын иштөө режимине жараша толук ачык же толук жабык экендигин көрсөтүүсү керек.***

**C.** Аба басымын азайтып, клапанды нормалдуу абалга келтириңиз.

**D.** Клапанды ишке киргизүү үчүн технология линияларын акырындык менен ачыңыз.

**E.** Бош агып кетүүлөрдү текшериңиз. Зарылчылыкка жараша оңдоп-түзөңүз.

**ISE EN GARDE**

**Клапанды техникалык жактан тейлөөдөн мурун ар дайым технологиялык басым, аба басымы жана электр байланышы жок экенин карап, клапан изоляцияланган жана анда басым жок экенин текшериңиз.**

**F.** Каалаган учурда маховикти чектөө катары колдонуу мүмкүн. Аны керектүү абалга коюп, бекитиңиз.

**G..** Эгер кыймылды кошуча чектөөчү (77) колдонулса, кошумча бураманы бурап, бекитиңиз.

# 8. Ажыратуу

## 8.1 Кыймылдаткычты (приводду) корпустун кошумча жыйындысынан чыгаруу (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз)

Клапандын ички компоненттерин тейлөө же приводду жана корпусту кайра жайгаштыруу клапандан приводду жана каамытты алып салууну талап кылат. 6-, 7- жана 9-өлчөмдөгү приводдордо ташууга жана жана кайра бириктирүүгө ыңгайлуу болушу үчүн пружинанын цилиндрин каамыттан алып салуу сунушталат, андан кийин каамытты клапан корпусунан бөлүп алуу зарыл.

**ISE EN GARDE**

**Клапанды техникалык жактан тейлөөдөн мурун, клапанды изоляциялап, технологиялык басымды бошотуп, кыймылдаткычка аба берүүнү жана пневматикалык таасир линиясын өчүрүү керек.**

***Эскертүү. Эгерде клапанды анын мурда орнотулган абалында кайра бириктирүү керек***


Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

***болсо, анда корпустун каамытка карата абалын жана приводдун каамытка карата абалын белгилөө сунушталат. Бул кайра бириктирүүнү жеңилдетет.***

**A.** Керек болсо, линиядан клапанды алып салыңыз.

**B.** Арткы (29) жана алдыңкы (32) капкакты эки капкактын бурамасын (30) алып салыңыз.

**C.** Ылдыйкы капкакты (11) жана пружиналык цилиндрдин втулка капкагын (58) алып салыңыз.

**D.** Эки буроону (89) алуу менен башкарылуучу индикаторду (88) алып салыңыз.

**E.** Маховиктин кулпусун (52) бошотуңуз жана маховикти (53) рычагдын (34) кыймылына тоскоол болбошу үчүн буруңуз.

***Эскертүү. Кыймылды чектөөчү (17-сүрөт) камтыган клапандарда буроону (гайканы) (78) бошотуңуз жана рычагдын (34) кыймылына тоскоол болбошу үчүн кыймылды чектөөчү бурамын (77) бураңыз.***

**F.** Аба линиясын кыймылдаткычтын кубат портуна туташтырыңыз; кол менен жүктөө панелин же жөндөлө турган аба берүүнү колдонуп, рычагды ортодогу абалга жылдыруу үчүн кыймылдаткычка жетиштүү аба басымын бериңиз.

> **ISE EN GARDE**
>
> **Колдонулуп жаткан привод үчүн 14-сүрөттө көрсөтүлгөн басымдан ашпаңыз. Рычагды жылдыруу үчүн маховикти колдонбоңуз.**

***Эскертүү. Эгерде клапан мурдагы абалда кайра чогултула турган болсо, рычаг менен валды кайра чогултууну жана түздөөнү жеңилдетүү жана клапандын нормалдуу иштеши үчүн каамытты (33) жана рычагды (34) бири-бирине салыштырмалуу жабык абалда жайгаштыруу сунушталат. 17- сүрөттү караңыз.***

**G.** Бекитүүчү штифттин (5) төөнөсүн чечип салыңыз.

**H.** Бекитүүчү штифтти (7) чечип салыңыз.

**I.** Штифтти (35) рычагдан (34) ажырагыдай кылып приводдон абанын басымын азайтыңыз.

***Эскертүү. Эгерде клапан позиционер менен жабдылган болсо, камераны же рычагды алып салуу үчүн тиешелүү позиционер нускамаларын караңыз. Андан кийин К кадамына өтүңүз.***

**J.** Капкак бурамасын (10) бошотуп, валдын капкагын алып (9) салыңыз.

> **ISE EN GARDE**
>
> **Приводдун көлөмүнө жана салмагына жараша. Пружина цилиндрин же каамытты алып салууда салмакты туура алуу жана кармап туруу процедураларын колдонуу сунушталат.**

**K.** Пружина цилиндри туура бекитилгенин текшериңиз.

**L.** Ачкыч түшө турган капкактуу буроону (36) жана бекиткич шайбаларды (37) бошотуңуз жана алып салыңыз, андан кийин пружинанын цилиндрин (38) чыгарыңыз.

**M.** Рычагдын ачкычына бөрктүү бураманы бошоңдоткула (49).

**N.** Белгилүү гайкаларды (94) бошотуңуз жана май тыгынчыктын фланецин чыгарыңыз.

**O.** Приводду корпустун кошумча түйүнүнөн ажыратуу үчүн гайкаларды (27) бошотуңуз.

***Эскертүү. Корпусту бекитип, рычагды жана каамытты кармап, аларды ажыратыңыз. Каамыт, рычаг жана май тыгынчык фланеци бир эле учурда алынып салынат. Каамытты бошотуу үчүн аны кичине балка менен акырын уруу керек болушу мүмкүн.***

## 8.2 Приводду толук ажыратуу

Camflex II клапанында колдонулган мембраналык-пружина приводу негизинен арзан баадагы алмаштырылгыс буюм катары иштелип чыккан жана ошондуктан аны ажыратуу сунушталбайт. Бирок, кээ бир учурларда жана өзгөчө кыйын шарттарда ажыратуу талап кылынышы мүмкүн. Төмөнкү кыймыл-аракетти аткарыңыз:

**A.** Эгер привод корпустан чыгарылбаса, 9.1 A. - 9.1 L кадамдарына өтүңүз.

**B.** Бекитүүчү гайканы (46) бошотуңуз, андан кийин бекитүүчү скобаны (35) жана бекитүүчү гайканы (46) чыгарып алыңыз.

**C.** Ачкыч түшө турган капкактуу буроону (41) бошотуп, алып салыңыз жана мембрана корпусун (42) жана мембрананы (40) чыгарып алыңыз.

**D.** Узун ачкыч менен бекитүүчү гайканы (45) жана шайбаны (44) бошотуңуз жана чыгарыңыз.

**E.** Поршенди (43) жана пружинаны (39) чыгарып, бардык компоненттерди текшериңиз.

**F.** Кайра бириктирүү үчүн 10.2 бөлүмгө өтүңүз.

## 8.3 Клапан корпусу (4 жана 16-сүрөттөрдү караңыз)

Camflex II клапанынын ички компоненттерин тейлөө зарылдыгын, адатта, оңой эле аныктоого болот, анткени клапан линиядан чыгарылганда клапандын шакекчеси жана кыймылдаткыч көрүнүп турат. Клапандын шакекчесин алмаштыруунун кереги жок экендиги аныкталса да, жаңы тыгынчык менен клапандын шакекчесин бириктирүү керек, бул корпусту ажыратууну талап кылат. Эгерде бул тетиктердин бири иштебей калса, клапандын шакекчесин жана тыгынчыкты алмаштыруу сунушталат.

Приводду корпустан чыгаргандан кийин, клапанды төмөнкүдөй ажыратыңыз:

> **ISE EN GARDE**
>
> **Клапанды техникалык текшерүүдөн өткөрүүдөн мурун клапанды обочолонтуп, технологиялык басымды азайтыңыз.**

**A.** 35002 SB (алынма капкак) версиялары үчүн капкактын гайкаларын (104) алып салыңыз жана капкакты (102) май тыгынчыкты (17) жана май тыгынчыктын цилиндр формасындагы деталынын (бойшакегин) (15) баарын бир алып салыңыз. D кадамына өтүңүз.

**B.** Май тыгынчыктын втулкасын (15) алып салыңыз.

**C.** Сактагыч штифтти (16) алып салыңыз.

Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

**ISE EN GARDE**

**Сактагыч штифт (төөнөгүч) клапан басым астында турганда каамыт алынып салынса, валдын сыртка чыгышына жол бербөө үчүн иштелип чыккан. Адегенде сактагыч штифти (төөнөгүчтү) алып салбай туруп, клапандын ички компоненттерин чыгаруу мүмкүн эмес.**

**D.** Аны чыгаруу үчүн валды (19) тартыңыз.

***Эскертүү. Тыгынчыктан валды алуудагы кыйынчылык кээде негизинен тығынчыктын жана валдын ортосуна калдыктардын ашыкча топтолушунан келип чыгат. Валды алып салууну жеңилдетүү үчүн төмөнкү ыкмалардын бирин колдонуу менен тыгынчыктын валынын ички каналын жылытыңыз.***

**ISE EN GARDE**

**Жылытуу приборлорун колдонууда тийиштүү коопсуздук эрежелерин сактаңыз. От алгычтык жана иш чөйрөсүнүн ууландыргычтыгы сыяктуу факторлорду эсепке алып тиешелүү сактык чараларды көрүү керек.**

Эгерде валды алып салуу кыйын болсо, рычагды (34) валдын (19) линиялуу учуна коюп, рычагдын (49) капкак буроосун бекемдеңиз жана (34) балка менен валга жакын жеринен рычагды (34) ургулаңыз жана валды (19) алып салыңыз.

***Эскертүү. Эгерде валды бекем рычагдан ургулап чыгаруу мүмкүн болбосо, анда 20-сүрөттө көрсөтүлгөн валды алып салуунун альтернативдик ыкмасын колдонуңуз. Туура өлчөмдөгү жана узундуктагы жалгаштыргыч түтүк колдонуу аркылуу жана май тыгынчыктын фланецин жана гайкаларды сүрөттө көрсөтүлгөндөй артка кайрыуу менен валды корпустан чыгарууга болот. Чоңураак клапандар үчүн бекем рычагды кармап турууда кошумча шайбаны жана жалгаштырууучу түтүктү колдонуу сунушталат. Рычаг анын ступицасы валдын учуна дал келген жерде бекемделиши керек.***

**E.** Вал (19) менен бирге чыгууга тийиш болгон тетиктер: май тыгынчык (17), май тыгынчыктын шакекчеси (23 же 100), бош түтүк (20) жана жогорку бойшакек (21).

***Эскертүү. Корпустун ичинде кергич түтүк (20) жана үстүнкү жогорку бойшакек (21) калышы мүмкүн. Алар алынышы керек. Кергич түтүктү (20) корпустан капкак жагынан сууруу менен гана алып салууга болот. Жогорку бойшакекти (21) корпустан түртүп чыгарып же капкак жактан корпустун ичинен сууруп алса болот. Суюк же илешкек чөйрөдө колдонула турган клапандарында жогорку бойшакек ички бекиткич шакектен (92) сырткы бекемдегич шакектен (93), ал эми ылдыйкы бой шакек ички бекиткич шакектен (95) жана сырткы бекиткич шакектен (96) турат (4-сүрөттү караңыз).***




**Сүрөт 4 - Кошумча тыгыздоочу шакекчелердин жайгашкан жери.**

**F.** Тыгынчыкты (4) корпустун капталынан клапандын шакекчесинин карама-каршы жагы аркылуу чыгарып алыңыз.

**G.** Төмөнкү багыттоочу шакекти (22) алып салыңыз.

***Эскертүү. Бойшакектин бурагыч менен алып салууга мүмкүн оюгу бар. Эгерде бойшакекти ( втулканы) бурагыч менен алып салуу керек болсо, ал алып салууда тыгылып калбашы үчүн аны эки тараптан көтөрүү керек. Эгерде бойшакек (втулка) оңой чыкпаса, аны май менен толтуруңуз, валды (19) клапанга киргизиңиз, валдын иштетилген бөлүгү ылдыйкы багыттоочу бойшакекке киргенин текшериңиз. "Жумшак " балканы колдонуп, бойшакек жарым-жартылай бошогончо валдын учуна акырын уруңуз. Валды алып салыңыз жана оюкту бурагыч менен каршы түртүп, бойшакекти толугу менен чыгарыңыз.***

**ISE EN GARDE**

**Тескери клапандын ордуна рычагды колдонуп, бойшакекти түртпөңүз. Эгерде бойшакек оңой алып салуу мүмкүн болбосо, 8.3.1-бөлүмгө өтүңүз жана тескери клапандын шакекчесин жана тескери клапандын шакекчесинин кулпусун чыгарып, андан кийин бойшакекти алып салыңыз. Корпустагы тескери клапандын бекемделген бөлүгүнө зыян келтирбөө үчүн тескери клапандын ички капталы менен көтөргүчтүн ортосуна жумшак материалдын бир бөлүгүн (латунь ж.б.) салыңыз.**

## Тескери клапандын шакекчесин алып салуу (16-сүрөттү караңыз)

Төмөнкү ыкмалар гайка ачкычтарды колдонуу менен тескери клапан шакекчесин (3) алып салуу үчүн сунушталат. Baker Hughes Camflex II клапандары үчүн 1 дюймдан 4 дюймга чейин (DN 25-100) клапан шакекчесин бекитүүчү ачкычтарды чыгарат жана сатат. Тескери клапан шакекчесин (2) алып салуу жана кайра бириктирүүнү жеңилдетүү үчүн гайка ачкычтарды сатып алуу же жасоо абдан сунушталат, анткени клапандын катуу жабылышын жана туура иштешин камсыз кылуу ҮЧҮН БЕКИТҮҮДӨГҮ БЕЛГИЛҮҮ ЭРЕЖЕЛЕР САКТАЛЫШЫ КЕРЕК.

5-сүрөт сунушталган материалдарды, алардын калыңдыгын жана даярдоо ыкмасын, ошондой эле ачкычты даярдоону жөнөкөйлөтүү үчүн конкреттүү өлчөмдөрдү көрсөтөт.


Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.




A = D.E. Dispositif de retenue de bague de siège

B = largeur de la fente dans le dispositif de retenue

**5-сүрөт**

**A.** Клапандын корпусун тиешелүү кармагычка кыстарып, клапан шакекчесин өйдө көтөрүп кармап туруңуз.

> **ISE EN GARDE**
>
> **Клапан корпусундагы прокладканын бетине зыян келтирбөө үчүн кам көрүү керек.**

**B.** Кулпунун ачкычын ача турган тешиктерге киргидей кылып салыңыз.

**C.** Кулпунун ачкычына сокку ачкычты же ылайыктуу гайкалык ачкычты бекитиңиз жана аны сааттын жебесине каршы буруп, бошотуңуз, андан кийин кулпуну (3) чыгарыңыз.

***Эскертүү. Camflex GR корпусунун конструкциялары өзүнүн узунураак формасына байланыштуу кулпуну алып салууда узартуучуну (удлинителди) колдонууну талап кылат.***

**D.** Тескери клапан шакекчесин көтөрүңүз.

***Эскертүү. Кырсык болгон учурда тескери клапан шакекчесин сууруп алуучу курал менен алып салса болот. Бул учурда сууруп алуучу куралдан экини колдонуңуз, аларды 180° аралыктагы оюктарга жайгаштырып, аларды бирдей ура бериңиз.***

### 8.3.2 DVDни алып салуу (16-сүрөттү караңыз)

Camflex DVD опциясы менен болгон учурда, 35x3x же 35x4x, DVD модель номерлери корпустун өзүндө орнотулган болот. Бул аппаратты алып салуу үчүн DVD ачкычтарын колдонуу сунушталат (105). Baker Hughes компаниясы Camflex II үчүн DVD алып салуу ачкычтарын 1"ден 12"га чейин (DN 25тен 300гө чейин) номиналдык баада чыгарат жана берет. DVD (105)ди алып салуу жана бириктирүүдө жардамчы боло турган ачкычтарды сатып алуу же жасоо абдан сунушталат, анткени DVD пластинасын БЕКИТҮҮДӨ БЕЛГИЛҮҮ ЭРЕЖЕЛЕР САКТАЛЫШЫ КЕРЕК.

6-сүрөт сунушталган материалдардын калыңдыгын жана даярдоо ыкмасын, ошондой эле ачкычты даярдоону жөнөкөйлөтүү үчүн конкреттүү өлчөмдөрдү көрсөтөт.




| Taille de la vanne | A Pouces (mm) | d Pouces (mm) | D Pouces (mm) | H Pouces (mm) | T Pouces (mm) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1" (DN 25) | 1,063 (27) | 0,142 (3.6) | 1,236 (31.4) | 0,079 (2) | 0,4 (10) |
| 11/" (DN 40) | 1,496 (38) | 0,157 (4) | 1,772 (45) | 0,118 (3) | 0,5 (12) |
| 2" (DN 50) | 1,929 (49) | 0,157 (4) | 2,205 (56) | 0,118 (3) | 0,7 (18) |
| 3" (DN 80) | 2,913 (74) | 0,177 (4,5) | 3,248 (82,5) | 0,157 (4) | 0,8 (20) |
| 4" (DN 100) | 3,858 (98) | 0,197 (5) | 4,213 (107) | 0,275 (7) | 0,8 (20) |
| 6" (DN 150) | 5,905 (150) | 0,236 (6) | 6,260 (159) | 0,354 (9) | 1,0 (25) |
| 8" (DN 200) | 7,913 (201) | 0,236 (6) | 8,268 (210) | 0,394 (10) | 1,0 (25) |
| 10" (DN 250) | 9,843 (250) | 0,236 (6) | 10,315 (262) | 0,394 (10) | 1,2 (30) |
| 12" (DN 300) | 11,732 (298) | 0,276 (7) | 12,204 (310) | 0,472 (12) | 1,2 (30) |

**6-сүрөт**

**A.** Клапандын корпусун кыскычка же тиешелүү кармагычка кыстарып, клапан шакекчесин өйдө көтөрүп кармап туруңуз (16-с.кара).

> **ISE EN GARDE**
>
> **Клапан корпусундагы прокладканын бетине зыян келтирбөө үчүн кам көрүү керек.**

**B.** DVD пластинасын ачкычын ача турган тешиктерге киргидей кылып салыңыз.

**C.** Сокку ачкычын же ылайыктуу ачкычты колдонуп, кармагыч ачкычты күйгүзүңүз жана аны бошотуңуз, андан кийин саат жебесине каршы буруп DVDди (105) чыгарыңыз.

# 9. Техникалык тейлөө

## 9.1 Мембрананы алмаштыруу (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз)

Мембраналуу пружиналуу кыймылдаткыч Camflex II үчүн сунушталган техникалык тейлөө мембрананы алмаштыруу менен гана чектелет (40). Клапандан приводду алып салуу зарыл эмес. Мембрананы алмаштыруу үчүн, төмөнкү иш-аракеттерди аткарыңыз:

Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

## ISE EN GARDE

**Клапан изоляцияланган жана анда иштөө басымы жок болушу керек. Клапан компоненттери бардык электр же аба линияларынан үзүлгөн болушу керек. Приводдун басымын түшүрүү керек.**

Маховик (53) жана чектөөчү (77) рычагдын (34) эркин кыймылын камсыз кылуу үчүн артка түртүлүшү керек.

**A.** Клапанды айланып өтүүчү жолду ачып, жабуу клапандарын жаап, клапанды жогорудагы ЭСКЕРТҮҮ боюнча изоляцияланыз.

**B.** Приводго аба берүүчү түтүктү ажыратыңыз жана өчүрүңүз.

**C.** Төрт бөркү бар бураманы (41) мембрана корпусунан (42) алып салыңыз жана мембрана корпусун чыгарыңыз.

**D.** Мембрананы алып койгула (40).

***Эскертүү. Мембрана поршендин (43) үстү жагына жабыштырылган.***

**E.** Поршендин үстүнөн лентаны же клейди алып салыңыз жана кылдат тазалаңыз.

**F.** Кайра бириктирүү үчүн мембрана корпусун (42) жана пружинанын цилиндрин (38) мембрананын четине тийип турган жерин тазалаңыз.

***Эскертүү. Мембрананы поршенде кармап туруу үчүн клей диски (эки жактуу клей) же резина клейи колдонулат. Эгерде желим клей колдонулса, аны поршенге да, мембранага да сүйкөө керек же клей заводунун көрсөтмөлөрүнө ылайык колдонуу керек. Сунушталган клей материалдары 15-сүрөттө көрсөтүлгөн.***

Мембрананы алмаштыруу үчүн төмөнкү эки ыкманын бирин колдонуңуз:

**1-ыкма: G-1 / H-1 / I-1 / J-1 / K-1 пункттары**

**G-1.** Поршендин үстү жагына скотч же клей сүйкөңүз.

**H-1.** Мембранада (40) “Piston Side” (“Пистон тарабы” )деп белгиленген. Эгерде клей колдонсоңуз, аны мембрананын ушул тарабына сүйкөңүз.



А кадамы В кадамы С кадамы

**7-сүрөт - 1 ыкма**

**I-1.** Мембрананы (40) ортого коюп поршендин (43) үстүнө бекитиңиз (7-сүрөттү караңыз - 1-ыкма, кадам А).

**J-1.** Мембрананы (40) пружинанын цилиндрине (38) жарым-жартылай дал келгидей кылып жайыңыз (7-сүрөт – 1-ыкма, В кадамын караңыз).

## ISE EN GARDE

**Оюктарды тегиздөөдө мембрананын бурмаланышына жол бербөө үчүн мембранын корпусундагы жана пружина цилиндриндеги капкак бурагыч оюктары тегизделгенин текшериңиз. Мембрана корпусу (42) эреже катары, кыймылдаткычтын астыңкы жагында жайгашкан аба кирүүчү тешик менен бириктирилет. Керектүү жерине жараша, аны капкак бурамасы тешиктерин тегиздөө үчүн цилиндр пружинасынын айланасында каалаган абалда жайгаштырса болот. Бирок, пружинанын корпусуна (38) кире турган суюктуктун агызылышын камсыз кылуу үчүн пружинанын цилиндриндеги дренаждык тешик ар дайым ылдый каралышы керек. Эгерде клапан кошумча тазалоочу линия менен жабдылган болсо, анда бул линия дренаждык портко багытталышы керек.**

**K-1** Мембрананын (40) четин мембрана корпусунун (42) оозунун үстүнө коюп, мембрана корпусун (42) поршенге (43) цилиндр пружинасына (38) таянганга чейин этияттык менен жылдырыңыз. (7-сүрөттү караңыз – 1-ыкма, С кадамы).

**Кийинки кадам үчүн L пунктуна өтүңүз.**

**2-ыкма: G-2 / H-2 / I-2 / J-2 / K-2 пункттары**

**G-2.** Мембрананын (40), поршендин (43) жана пружинанын (38) четине жана ичине неопрен клейин (же ошого окшош клейди) бир катмар кылып сүйкөңүз.

***Эскертүү. Поршень менен байланышта болгон мембрананын ички бетине "поршень жагы" деген жазуу жазылат; неопрен клейинин сүйкөлгөн катмары поршендин жалпак бөлүгүнөн ашып кетпеши үчүн сак болуңуз (7-сүрөт - 2-ыкма, А-кадам).***

**H-2.** Мембрананы ортого коюп (40) поршенге (43) бекитиңиз ( 7 -сүрөт,–2-ыкма, А кадамы).

**I-2.** Мембрананы (40) пружиналуу цилиндрдин (38) ичине анын чети пружинанын (38) оюгуна туура келгидей кылып этияттык менен жайыңыз. Неопрен клейи сүйкөлгөн эки бөлүктү бириктирүү үчүн мембрананын четин тегиз акырындык менен кармап туруңуз. Мембрана пружинанын цилиндринин ичинде бурулбагандыгын текшериңиз (7-сүрөт - 2-ыкма, В кадамы).

**J-2.** Мембрана корпусунун (42) абалын пружинага (38) салыштырмалуу тууралаңыз, аба туташуусу туура тарапта экендигин жана мембрана корпусунун (42)


Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

шиш тешиктерижана пружинанын бочкасынын тешиктери бирдей экендигин (38) караңыз.

***Эскертүү. Аба өткөрүүчү туташтыргыч пружинанын цилиндриндеги (38) желдеткич тешигине туура келиши керек.***

**K-2.** Мембрананын (40) четин мембрана корпусунун (42) жана пружина цилиндринин четтерин ортосуна бекитиңиз ( 7-сүр., 2-ыкма, С кадамы).

***Кийинки кадам үчүн L пунктуна өтүңүз.***

**L.** Мембрана корпусу (42) пружинанын цилиндринде (38) түз орнотулганын карап, төрт капкак буроону (41) салып, аларды тегиз тартыңыз.




**7-сүрөт - 2 ыкма**

**M.** Аба линиясын мембрана корпусуна (42) туташтырыңыз.

**N.** Аба берүүнү баштаңыз жана ал башка жакка чыгып жатпагандыгын текшериңиз.

**O.** Зарыл болсо, маховикти (53) жана чектегичти (77) (опция ) керектүү жерге жылдырыңыз жана клапанды ишке кайтарыңыз.

## 9.2 Корпустун ички түзүлүштөрү

Camflex II клапанын тейлөө учурунда бардык ички бөлүктөрдүн эскирип, желип жана бузулушун карап, айрыкча төмөнкү таяныч беттери текшерилиши керек:

- корпус менен тескери клапан шакекчеси байланыша турган бөлүк.
- тыгынчыктын жана тескери клапандын шакекчесинин таяныч бети.
- валдын багыттоочу бети жана багытттоочу бойшакек.

Бардык бузулган бөлүктөр түп нуска запастык (кошумча) бөлүктөр менен алмаштырылышы керек.

### Тескери клапандын катуу шакекчесин сүртүү

Сүрүү (притирка) - бул клапандардын мөөр басуучу бөлүктөрүн абразивдүү материал менен жабуу жана бири-бирине кысуу, бекем бекитүү, сүрүү процесси. Сүрүү операциясын аткаруу үчүн:

**A.** Тескери клапандын корпусундагы шакекченин таяныч бетин жана шакекченин капталын тазалаңыз.

**B.** Тескери клапан щакекчесинин капталына бир аз өлчөмдө майдаланган жылмалоочу кошулманы сүйкөңүз.




**8-сүрөт**

**C.** Тескери клапандын корпусундагы шакекченин бардык таяныч бетинин тегизделгенин карап, корпуска шакекчени киргизип, акырын сүрүңүз. Шакекчени бир эле жерин басып айланта бербеңиз.

***Эскертүү. 8-сүрөттө кичинекей клапандарды жылмалоону жөнөкөйлөтүү үчүн жасала турган жөнөкөй ыкма көрсөтүлгөн.***

**D.** Тескери клапан шакекчесин алып, кылдат тазалаңыз.

**E.** Тескери клапан шакекчесин таяныч жагын өйдө каратып, тегиз бетке коюңуз.

**F.** Тескери клапан шакекчесинин таяныч бетине майдаланган жылмалоочу кошулманы бир аз сүйкөңүз.

**G.** Тыгынчыкты бардык тарапка буруп, кыйшайтып, тыгынчыкты тескери клапандын шакекчесине бир аз сүрүңүз.

**H.** Кайра монтаждоо үчүн тескери клапан шакекчесин, тыгынчыкты жана клапан корпусун кылдат тазалаңыз.

### 9.2.2 Жумшак тескери клапан

Жумшак тескери клапандын шакекчесине тыгынчыкты

Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.

сүрбөңүз - отургучтун шакеги клапан корпусуна жабышуусу керек. Тескери клапан шакекчесин корпуска сүрүү процедурасы 9.2.1 “Катуу тескери клапан” бөлүмүндөгү A-D пунктарында көрсөтүлгөн иш-аракеттерге окшош

## 9/3 Каамыт бириктирүү (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз)

Моюнтукту (33) талап кылынган тейлөө втулканы (12) жана валдын подшипнигин (8) алмаштыруу менен чектелет. Бул бөлүктөрдүн кайсынысын болбосун алмаштыруу үчүн кыймылдаткычты корпустан бөлүнүшү керек. (Колдонулган кыймылдаткычтын түрүнө жараша тиешелүү бөлүмдү караңыз). Бойшакекти (втулканы) валдын подшипникине карай оюп кеткен бөлүгү менен каамыттын ичине киргизиңиз. Валдын подшипниги (8) каамытта эркин бекитилет жана аны бойшакекке карай түртүү менен чыгарылат.

**ISE EN GARDE**

**Каамыттагы подшипниктин уясы таза экенин текшериңиз. Подшипник оңой жылып кетиши керек. Подшипникти түртүү үчүн ашыкча күч колдонбоңуз.**

# 10. Кайра бириктирүү (монтаждоо) процедуралары

## 10.1 Мембраналуу пружиналуу привод

8.2-бөлүмдөгү нускамаларга ылайык кыймылдаткычты демонтаждоодон (чачкандан) кийин, кыймылдаткычты кайра бириктирүү (монтаждоо) үчүн төмөндөгүлөрдү аткарыңыз:

**A.** Пружканы (39) поршенге (43) орнотуңуз.

**B.** Шайбаны (44) жана бекитүүчү гайканы (45) орнотуңуз.

***Эскертүү. Бекитүүчү гайка (45) бүт бойдон сай болушу керек.***

**C.** Мембрананы жана мембрананын үстүнкү корпусун кайра чогултуу үчүн 9.1-бөлүмдү караңыз, E. - L кадамдары.

**D.** Бекитүүчү гайканы (46) жана скобаны 35) орнотуңуз.

**E.** Туура багытты аныктап, кыймылдаткычты каамытка орнотуңуз, бекиткич шайбаларды (37), капкак бурагычтарды (36) орнотуңуз жана аларды бекем тартыңыз.

**F.** Приводдун штогун тууралоо үчүн 11-бөлүмдү караңыз.

## 10.2 Корпустун ички түйүнүндөгу мембраналуу пружиналуу привод (16 жана 17-сүрөттөрдү караңыз)

Керектүү техникалык тейлөөнү аяктагандан же клапанды, кыймылдаткычты жана каамытты алмаштыргандан кийин, аларды төмөнкүдөй кайра бириктириңиз:

**A.** Клапандын кыймылдаткычка карата туура багытын аныктаңыз.

**B.** Керек болсо, корпус сайгычтарын (28) жана май тыгынчыктын фланец сайгычтарын (13) ордун алмаштырыңыз.

***Эскертүү. Приводдун абалына жараша, каамыттын тешиктери аркылуу орнотулган корпустун сайгычтары (кыска сайгычтар) каамыттын алдыңкы жагында оңой байланышуу үчүн жайгашышын текшериңиз.***

**C.** Бойшакекти (12) жана валдын подшипнигин (8) каамытка (шакекчеге) орнотуңуз. Тыгынчык жабык абалда тургандай валды айлантыңыз.

**D.** Валга (19) май тыгынчык фланецин (14) коюу үчүн жетиштүү орун калтырып, клапандын валын жарым-жартылай каамыттын (шакекченин) астыңкы тешигине жылдырыңыз.

***Эскертүү. Май тыгынчык фланеци (14) валга (19) орнотулганда , ийилген жагы клапандын май тыгынчыгына(17) карап турушу керек***

**E.** Май тыгынчык фланециндеги оюктар (14) май тыгынчыктын фланециндеги (13) сайгычтары менен дал келгенин текшериңиз.

**F.** Валга май тыгынчыктын фланецин орнотуу менен клапандын валын каамытка (33) орнотулган бойшакек (12) аркылуу каамытка карай (33)жылдырууну улантыңыз.

**G.** Рычагды (34) каамыттын ичине коюп, аны вал менен тегиздеңиз, рычагдын валынын тешигинин бир тарабындагы тумшугу валдын подшипнигин (8) карай тургандай кылып, валды рычагдын шлицтери менен туташтырыңыз.

***Эскертүү. Рычагдын тешигине жайгаштырган кездеги шилтеме белгиси (чекит) клапан жабылганын көрсөтүп тургандай кылып вал рычагды кармашы керек. Рычагга (34) төөнөгүчтү (скобаны) убактылуу орнотуңуз жана таяныч чекитинин тегиздигин текшериңиз. Чекит алдыңкы капкактагы (32) жабылуучу индикатор сызыгынын эң башында болушу керек (18-сүрөттү караңыз). Эгерде багыт өзгөрбөсө, рычагды тегиздеп, каамыттын абалын белгилеңиз, андан кийин тегиздөөнү текшериңиз. (17-сүрөттү кара).***

**ISE EN GARDE**

**Тууралоону текшерүү үчүн аба басымын колдонбоңуз, анткени нормалдуу иштөө учурунда жана толук аба басымында индикатор капкактагы жабык абалдын белгисинен ашып кетиши мүмкүн. Бул мүмкүн.**

**H.** Валдын подшипниги (8) менен туташтыруу үчүн валды рычаг аркылуу толук киргизиңиз. Эми каамыт клапан капкагынын фланецине толугу менен бекитилиши керек.

**I.** Корпустун сайгыч гайкаларын (27) орнотуп, бекемдеңиз.

**J.** Май тыгынчык фланецинин сайгыч гайкаларын (94) орнотуңуз жана кол менен гана бекем тартыңыз.

**K.** Рычагды (34) валга (19) клапанды көздөй жылдырыңыз жана рычагдын (49) капкак бурамасын тартыңыз.

**L.** Рычагды жана валды каамыттагы подшипникке (8) карай тартыңыз.



BUTÉE DE FIN DE COURSE STD CAMFLEX 6" et 7"


Автордук укук 2023 Baker Hughes Company. Бардык укуктар корголгон.



BUTÉE DE FIN DE COURSE STD CAMFLEX 4,5"

**9-сүрөт**

> **ISE EN GARDE**
>
> **Бул валдын (19) валдын подшипникине (8) таянышын жана клапандын эркин иштешин камсыз кылуу үчүн керек.**

**M.** Рычагдын капкак бурамасын (49) бошотуңуз жана рычагды (34) анын капталы валдын подшипникине (8) тийгенге чейин түртүңүз жана рычагдын капкак бурамын (49) тартыңыз.

***Эскертүү. Эгерде кыймылдаткычтын цилиндри (38) алынып салынган болсо, N кадамына өтүңүз. Эгерде андай болбосо, 11-бөлүмгө өтүңүз.***

**N.** Приводдун керектүү аракетин аныктаңыз жана кыймылдаткычтын цилиндрин (38) каамытка (33) орнотуңуз жана төрт капкак бурамасы (36) жана бекиткич шайбалар (37) менен бекемдеңиз.

**O.** “Приводдун штогун жөнгө салуу” 11 бөлүгүнө өткүлө.

## 10.3 Маховикти кайра бириктирүү

**A.** Клапанды капкак (11) үстү жагында тургандай кылып коюңуз.

**B.** Truac шакекчесин (50) жана маховик шайбасын (51) маховиктин бекитиүүчү буроосунан чыгарыңыз.

**C.** Маховиктин бекитүүчү буроосун (52) каамыттын тиешелүү тешигине киргизип, аны саат жебеси боюнча буруңуз.

**D.** Шайбаны (51) жана Truac шакекчесин (50) орнотуңуз.

**E.** Маховикти шайбадан бир аз алыстатыңыз жана аны ушул абалда кулпу (52) менен кулпулаңыз.

**F.** Төмөнкү капкакты (11) бекитүү менен орнотуңуз.

